**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ
ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ П-117/3 «16» 04 2021

Сизд.чыг. (На) №_________ «____» _________20___

**О. Токторалиевага**
дареги: Ош облусу,
Кызыл-Кыштак а/а,
Кызыл-Байрак айылы,
тел: 0778493908

Кыргыз Республикасында шайлоо жана референдум өткөрүүдө шайлоочулардын жана башка шайлоо процессинин субъекттеринин арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча Жумушчу топ Сиздин 2021-жылдын 13-апрелиндеги даттанууңуз боюнча Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 11-апрелиндеги кабыл алынган №19 чечиминин көчүрмөсүн жөнөтөт.

**БШКнын мүчөсү,**
**Жумушчу топтун жетекчиси** **А. Асаналиев**

Атк. 62-01-84

**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №19 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 11апрели Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Кадыров К., Таев А., Карабаев Т., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Айдаров М., Мамашев М., Акимбаев С., Абдилла к. А.

**Күн тартиби:**

1. **Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкер Д.Сатвалдиев боюнча арызды кароо**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, Кара-Суу райондук прокуратурасынан Кызыл-Кыштак айылдык кеңешине талапкер Д.Сатвалдиев талапкер катары Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин төрагасы кызмат ордун тапшырган жок деген арызы менен Кызыл-Кыштак айылдык кеңешине талапкер О.Токторалиева кайрылган.

Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы талапкер Д.Сатвалдиевдин тиешелүү документтерди алган. Д.Сатвалдиев өз маалыматында Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин төрагасы катары эч кандай айлык акы албагандыгы, коомдук башталышта болгондугу аныкталган.

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү" Мыйзамынын 17-беренесине ылайык Д.Сатвалдиевдин кызмат орду ыйгарым укуктарын токтотуп тура турган кызматтарга кирбейт.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо" жөнүндөгү Мыйзамынын ылайык Д.Сатвалдиевдин талапкерлигинин каттоосун жокко чыгаруу боюнча О.Токторалиеванын талабын канаатандыруудан баш тартуу жөнүндөгү сунушу добушка коюлду.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 14,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат:**

1. Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкер Д.Сатвалдиевдин талапкерлигинин каттоосун жокко чыгаруу талабы канааттандыруудан баш тартылсын.
2. Чечимди аткаруу жагы Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Ж.Молдожановага милдеттендирилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**